

Айыл чарбасы эмнеден аксады?

3-бетте



Адыбек НАБИЕВ:

“Жумгалдан өлкөбүздүн көп аймактары үлгү алышса болот”

5-бетте



Кайрат АБДЫВАЛИЕВ:

“Өнүгүү үчүн талбаган эмгек керек”

8-9-беттерде

№44 (3493)

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

# Эркин-Тоо

Жума, 2023-жылдын 2-июну

www.erkin-too.kg

# ЭЛДИ АЛДАП ДЕПУТАТ БОЛУУГА КИМДИН АРИЕТ, АР-НАМЫСЫ ЖОЛ БЕРЕТ?



3-бетте

## БАШКЫ ПРОКУРОР МАДУМАРОВДУ ЖООПКО ТАРТУУНУ СУНУШТАДЫ

31-май күнү парламенттин жыйынында Жогорку Кеңештин “Бүтүн Кыргызстан” фракциясынын лидери Адахан Мадумаровду кылмыш жообуна тартуу боюнча депутаттардын макулдугун сураган Башкы прокуратурадан сунуш келгени белгилүү болду. Башкы көзөмөл органынан сунуш түшкөндөн кийин депутаттар 48 сааттын ичинде карап, депутаттык комиссия түзүлө турганы мыйзамда каралганын төрага Нурланбек Шакиев белгиледи. Депутаттар Адахан Мадумаровго койгон Башкы прокуратуранын дооматы канчалык деңгээлде мыйзамдуу экенин иликтеген комиссия түзүштү. Бирок, бул маалымат саясий майданды кыйла жандандырды. Поезддин алдына түшүп чуркагандар эки жээкке бөлүнүп, түрдүү кептерди айта баштаашты. Азырынча Мадумаровго байланышкан ишке түрдүү түс берүү эрте. Алгач депутаттык комиссия өз чечимин чыгарсын. Парламент да өз үнүн айта элек. Адахан Кимсанбаевич өзү деле “Парламенттин деңгээли башка” деп айтпадыбы. Өткөн жылы эле Башкы прокурордун Адахан Мадумаровду жоопко тартуу сунушун депутаттык комиссия четке каккан. Саясат деп эле чуру-чуу түшкөндү, күн мурун чечим чыгарганы токтотуп, өпкөнү басып, өлкөнү ойлой турган учурда турганыбызды андасак жакшы болмок.

## КРСУну 30 ЖЫЛ БАШКАРГАН НИФАДЬЕВ КЫЗМАТТАН КЕТМЕЙ БОЛДУ



Өлкөбүздөгү абройлуу окуу жайлардын бири Б.Ельцин атындагы Кыргыз-Орус Славян университетинин ректору Владимир Нифадьев кызматын тапшырмай болду. Маалыматка караганда ал 5-июнь күнү мойнундагы жоопкерчиликтүү милдетин өткөрүп берет. Окуу жай өлкөбүздө негизделген 1993-жылдан тарта 30 жыл бою Владимир Нифадьев зэрде мыктай кадалып отуруп келди. 76 жаштын чайын ичип жаткан В.Нифадьевдин кай себептен кызматын тапшырып жатканы азырынча белгисиз. 80ге чамалаган аксакал өзү деле эс алууну каалаcа керек.

## АЛТЫНБЕК ЖУМАЕВ ЭЛЧИЛИККЕ АТТАНДЫ



2022-жылдын август айынан бери өлкөбүздүн Малайзиядагы элчилик кызматы бош турган. Далай дипломаттын “көзүн кызарткан” орунду акыры Алтынбек Жумаев аркаламай болду. 31-май күнү Президенттин Жарлыгы чыгып, жакынкы күндөрү каарманыбыз Куала-Лумпурду көздөй аттанмакчы. Буга чейин медиа тармагында иштеп келген Алтынбек Жумаев Өлкө башчыбыз Садыр Жапаровдун кеңешчиси да болуп иштеген.

## УЛАН САРИЕВГЕ КЫЛМЫШ ИШИ КОЗГОЛДУ



Баш калаанын №26 Ленин бир мандаттуу шайлоо округунун талапкери Улан Сариевге добуш сатып алуу боюнча УКМК тарабынан кылмыш иши козголду. Айбаты катуу атайын кызматтын маалыматына караганда Сариевге карата кылмыш-жаза кодексинин 196-беренесинин 2-бөлүмү (шайлоочулардын добуштарын сатып алуу) боюнча каралган кылмыштын негизинде иш козголгон. Ушул күндөрү тиешелүү тергөө амалдары жүрүүдө. Социалдык түйүндөрдө Сариевге карата козголгон кылмыш ишинде саясий боёк сүртүлгөндүгүн белгилегендер да бар. Кандай болгон күндө да козголгон кылмыш иши адилеттүү нукта уланса болду.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

Иш жума

# Маданий иш-чараларды өткөрө турган жагымдуу жай ачылды

Президент Садыр Жапаров 30-майда Чолпон-Ата шаарында жаңы паркты ачты.




Эс алуу жана сейилдөө үчүн жерди уюштурууну Мамлекет башчысы өзү демилгелеп, бул максатта №2 Мамлекеттик резиденциясынын аймагын бөлүп берген. Парктын жалпы аянты 16 гектарды түзөт, анын аймагында: амфитеатр, веложол, көпүрөлөр, фонтан, жасалма арал жайгашкан. Парк Чолпон-Ата шаарынын мэриясынын балансына өткөрүлүп берилди.

Президент Садыр Жапаров бул парк шаар тургундары жана туристтер үчүн фестивалдарды жана башка маданий иш-чараларды жыл бою өткөрө турган жагымдуу жайга айланат деген ишенимин билдирди. Парк жарым жылдай убакыттын ичинде курулганын жана бул долбоор курулушка туура мамиле кылуу менен мындай объектилерди ачууга болорун дагы бир жолу далилдеп жатканын кошумчалады.

Инвесторлорду колдоо, алар үчүн жагымдуу шарттарды түзүү, өзгөчө өлкөнүн жыргалчылыгы жана өнүгүүсү үчүн бир нерсе курууну каалаган ата мекендик инвесторлорго жардам берүү керектигин айтты.

Президент Чолпон-Ата шаарынын аксакалдарына кайрылып, өсүп келе жаткан муунду өздөрүнүн жана Кыргызстандын келечеги жөнүндө ойлонушу үчүн мекенчилдикке тарбиялоонун маанилүүлүгүн белгиледи. Буга байланыштуу ал туристтик мезгилдин алдында айлана-чөйрөнүн тазалыгын сактоого, өлкөнүн коноктору арасында туристтик объектилердин жагымдуулугун арттыруу үчүн инфраструктурага аяр мамиле кылууга чакырды. Анткени бул туризм тармагынын ийгилигинин негизги факторлорунун бири.

Садыр Жапаров мамлекеттик органдардын жетекчилеринин көңүлүн, бюджеттик каражаттарды сарамжалдуу пайдаланууга жана максаттуу пайдалануу үчүн жоопкерчиликти күчөтүүгө дагы бир жолу бурду.

## Президент Садыр Жапаров Режеп Тайып Эрдоган менен сүйлөштү

Кечээ Президент Садыр Жапаров Түркия Республикасынын Президенти Режеп Тайып Эрдоган менен телефон аркылуу сүйлөштү.

Садыр Жапаров Режеп Тайып Эрдоганды президенттик шайлоодогу жеңиши менен жылуу куттуктап, боордош түрк элине мындан ары да гүлдөп-өнүгүүнү каалады.

Өз кезегинде Түркиянын Президенти жылуу каалоолору үчүн ыраазычылык билдирип, Садыр Жапаровду инаугурация аземине чакырды.

## Өлкөбүздүн ийгилиги – билимдүү балдардын колунда

Кечээ Президент Садыр Жапаров кыргызстандыктарды 1-июнь – Балдарды коргоонун эл аралык күнү менен куттуктады.

“Биздин Баш мыйзамыбызда, балдар Кыргыз Республикасынын эң баалуу байлыгы деп белгиленип, мамлекетибиз балдардын ар тараптуу рухани, адеп-ахлактык, интеллектуалдык жактан өнүгүүсүнө жана ден соолугу чың болуп жетилишине өбөлгө болуучу шарттарды түзүү аркылуу аларды мекенчилдикке, атуулдукка тарбиялоо милдетин өзүнө алган.

Бүгүнкү күндө мамлекет тарабынан балдардын ден соолугуна кам көрүүгө, социалдык жактан коргоого, ата-бабаларыбыздан калган рухий баалуулуктардын таасиринде тарбиялоого, заманбап билим берүүгө болгон аракеттер көрүлүп жатат. Себеби, ар бир үй-бүлөнүн да, өлкөбүздүн да ийгилиги менен жетишкендиги – таалим-тарбия көргөн, сапаттуу билим алган, ден соолугу чың балдардын колунда экенин жакшы билебиз” деп айтылат куттуктоодо.

## Көп көйгөйдү чечүүгө салым кошкон Дүйнөлүк Банк

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров Дүйнөлүк банктын Европа жана Борбордук Азия боюнча Вице-президенти Антонелла Бассани менен эрте менен-ки чай үстүндө баарлашты.

Акылбек Жапаров белгилегендей, өлкөнүн мамлекеттик программаларына ылайык суу менен камсыздоо жана канализация тармагында республика боюнча 232 айылда жана 27 шаарда жалпы өлчөмү 468,2 млн долларлык инвестициялык долбоорлор ишке ашырылууда. Бүгүнкү күндө 52 айылда курулуш иштери бүткөрүлүп, 128 миңден ашуун адам таза суу менен камсыз болгон. Бул тармакта АРИС көптөгөн социалдык-экономикалык көйгөйлөрдү чечип, айыл жергесинде жергиликтүү жамааттарды өнүктүрүүгө ийгиликтүү көмөк көрсөтүүдө.



## Адамзаттын сууга болгон суроо-талабы өсүүдө

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров “Суу – өнүгүү башаты” урааны алдында өткөрүлгөн Бишкек суу форумуна катышты.



Акылбек Жапаров, климат өзгөрүп жаткан учурда коопсуз ичүүчү сууга, санитарияга жана гигиенага жетүү– адамдын ден соолугу жана бакубат жашоосу үчүн эң негизги муктаждыкка айланганын белгиледи.

“Дүйнө жүзү боюнча 2 млрдга жакын адам ичүүчү сууга жетпей, дүйнө калкынын 40 пайызы суунун тартыштыгынан жапа чегип келет. Сууну керектөөнүн 70%га жакынын айыл чарбасы түзөт. Белгилүү болгондой, Борбор Азия өлкөлөрү дагы агрардык мамлекеттер. Адамзаттын сууга болгон суроо-талабы өсүүдө жана ал 2050-жылга карата 40 пайыздан ашык көбөйөт деп болжолдонууда” деди.

Суу – дүйнөлүк актуалдуу тема болгондуктан, Бишкек суу форумунун алкагында, аймактын кызыкчылыгын көздөгөн креативдүү идеяларды күтөөрүн айтып өттү.

## "D Billions" – Кыргызстандын сыймыгы

Шейшемби күнү Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров дүйнөгө белгилүү "D Billions" чыгармачыл тобунун мүчөлөрү менен жолукту.

"D Billions" – биздин өлкөнүн чоң сыймыгы" деген Акылбек Жапаров:

“Бүткүл дүйнөнүн балдары Чики, Ча-ча, Бум-Бум жана Лялянинин кызыктуу жана билим берүүчү жоруктарын зор кызыгуу менен көрүп жатышат. Ар кандай каналдарда сиздер 40 миллиарддан ашуун көрүүгө жетиштиңиздер жана чындыгында дүйнөлүк жылдыздарга айландыңыздар. Биздин милдет, Кыргызстандын чыгармачыл тармагын өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү” деди.

Акылбек Жапаров “Маданияттын өнүгүшүнө кошкон өзгөчө салымы үчүн” “D Billions” командасын Министрлер Кабинетинин Ардак грамотасы менен сыйлады.

## Спортту өнүктүрүүгө ар тараптуу колдоо көрсөтүлөт

Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Эдил Байсалов менен өлкөнүн негизги спорт федерацияларынын өкүлдөрүнүн жолугушуусу болду.



Жолугушуунун жүрүшүндө 2023-жылы Ханчжоу шаарында (Кытай Эл Республикасы) өтүүчү Азия оюндарына жана 2024-жылы Парижде (Франция Республикасы) өтүүчү Олимпиада оюндарына даярдык көрүү маселелери талкууланды. Мындан тышкары логистика, каржылоо, окутуу жана окуу процессин уюштуруу маселелери көтөрүлдү.

Эдил Байсалов алдыдагы эл аралык мелдештерге спортчулардын натыйжалуу даярдоонун маанилүүлүгүн белгилеп, Мамлекет башчысынын тапшырмасына ылайык, спортту жана дене тарбияны өнүктүрүүгө ар тараптуу колдоо күчөөрүн кошумчалады.

## Жалал-Абад облусундагы жашыл туризм

Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Бакыт Төрөбаев Жалал-Абад облусуна болгон иш сапарынын алкагында “Энергиянын кайра жаралуучу булактарын киргизүү – Жалал-Абад облусунда туруктуу жашыл туризмди өнүктүрүү” эл аралык форумуна катышты.



Анда Бакыт Төрөбаев энергетикалык каатчылыкты жөнгө салуу жана энергетикалык коопсуздукту камсыздоо Министрлер Кабинетинин маанилүү милдеттеринин бири экенин белгиледи. Ал Жалал-Абад облусунун жашыл энергияны өндүрүү боюнча мүмкүнчүлүгү чоң экендигин, республикадагы гидроэнергетикалык ресурстардын үчтөн экиси Жалал-Абад облусунда болгондуктан, туризмдин жаңы түрүн киргизсе болоорун кошумчалады.

**Даярдаган Жылдыз ДЫЙКАНОВА**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО


Учурдун көйгөйү

# АЙЫЛ ЧАРБАСЫ ЭМНЕДЕН АКСАДЫ?



**Айыл чарба тармагысыз Кыргызстандын экономикасынын өнүгүшүн элестетүү мүмкүн эмес. Өлкөнүн жалпы ИДПсынын 18%ын жана жалпы жумушчу күчүнүн 48%ын ушул тармак камсыз кылат экен. Бирок, бул тармакта эгемендүүлүк алган жылдардан бери системалуу өнүгүү болбогонун моюнга алалы. Айыл чарбасы аксап эле келатат.**

Жакында Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров Айыл чарба министрлигинин ишине нааразы болуп, бир топ сын пикирлерди айтты. Өкмөт башчысы айыл чарбасынын дээрлик бардык тармактарында артта калгандыгын белгиледи. Туура. Фермердин сүтү ирип, дыйкандын пиязы чирип жаткан фактылары кездешүүдө. “Министрлик статистикалык маалыматтар менен гана алек болуп жүрөт. Жоюп салыш керек!” деген коомчулуктун пикири да негиздүү. Өкмөт башчысы баса белгилегендей, министрликтин ишин толугу менен кайра карап чыгуу керек. Фермерди, же дыйканды жер семирткич, үрөн, күйүүчү май жана башка зарыл болгон нерселер менен гана камсыз кылбай, өндүрүлгөн продукцияны экспорттоо чейин анын керектөөсүн толугу менен канааттандырган бирдиктүү чынжырдын башында дал ушул мамлекеттик мекеме турушу кажет эле. Негизи дыйкан-фермер продукциясын өткөрүүгө башы оорубашы керек. Анткени, рыноктук шарттын талабы ушундай.

Чын эле айыл чарбасы эмнеден аксап жатат? Биринчиден, Кыргызстанда менчиктин формасы өзгөрүп, айыл чарбасында алгачкылардан болуп реформалар жасалганы менен, башкаруу тутуму Союздун учурундагы башкаруунун чегинен чыга элек. Дагы деле кабинеттен тапшырма берип, үстүртөн маалымат топтоодон жадашкан жок. Бир мисал, элет жериндеги фермер-дыйкан отуз жылдан бери рынок экономикасынын дурус жана буруш жактарын жон териси менен сезип бүттү. Өзүнүн чарбасына канча үрөн, жер семирткичтер керек экенин билет. Аны алдын ала сатып алып даярдап коет. Керек болсо өзүнүн каражатына асыл тукум малдарды, мол түшүм берүүчү көчөттөрдү чет өлкөдөн сатып алып келишүүдө. Башкача айтканда, министрликте отурган чиновникке караганда фермер-дыйкандар айыл чарбасын өнүктүрүү жаатында алда канча сабаттуу. А айыл чарба министрлигине баш ийген мекемелердин адистери эмне кылып жатат? Алар бүгүнкү күнгө чейин “паланча тонна жүн, паланча даана жумуртка өндүрүлдү...” дешип отчет берип келишет. Фермерлер жүндү жок кылуунун айласын таппай өрттөшүүдө. Тоок фермалары тып-тыйпыл болгону качан? Аймактардагы айыл чарба башкармалыктарынын отчетун карасаң баягы СССРдин учурундагы отчеттун мазмуну толугу менен сакталып, кыскасы ушул тармакты тейлеген адистердин мээси мамонт болуп тоңуп калгандай туюлат. Акылбек Үсөнбекович айткандай реалдуу ишти көрүү кыйын. Андан көрө, “мынча тонна жүн экспорт болду” деген маалымат болсо, иштин натыйжасы көрүнмөк. Айыл чарба министрлиги жок дегенде бир жыл алдын алган божомол менен элеттик фермер-дыйкандын ишенимдүү өнөктөшү болушу керек эле. Тилекке каршы ортодо алака жок. Дыйкан министрликке ишенбейт. Министрлик дыйкандын эмгегине кызыкпайт. Азыр өзүнүн жанын өзү багып келген фермер бир жээкте түйшүгү менен алек болсо, “айыл чарбасын багам” деп казынадан олчойгон айлык алган Айыл чарба министрлиги бир жээкте чартаңбай тээп жүргөндөй элес калтырат.

“Куру сөз курсак тойгузбайт” дейт. Сөздүн ток этер жерине өтөлү. Жакында Айыл чарба министринин биринчи орун басары Нурдин Алишеров маалымат жыйынында, быйылкы жылы үрөн менен 100% камсыз кылганын, дыйкандарга 30% арзан баада таркатылганын билдирди. Бул трафарет отчеттун бири. Министрдин орун басарынын оозунан – продукцияны кайда өткөрөбүз – ошол маселе козголушу керек эле. Андай маалыматты уга алган жокпуз. Баягы СССРден калган кооз отчеттун бири. Санкциялардын кесепетинен түштүктө өткөн жылы пахта өндүргөн чарбалар продукциясын сата албай кыйналышты. “Бирдиктүү рынокто турабыз” дегенибиз менен, жер-жемиштердин Казакстан аркылуу өтүшү өтө кыйын болду. Өзбек туугандар картошканы сатып алабыз дешкен эле, алардан дайын жок. Ушул маселелерди азыр айтышы керек эле министр мырза. Үрөн таратып коюп, “жамбаштап жатсаң сонун да” деген принциптен кайтыш керек. Учурда фермерлер чөптүн тартыштыгына сарсанаа болуп жатат. “Бул маселе мага тиешелүү эмес” деп так секириши мүмкүн министрлик. Бирок, айыл чарбасын өнүктүрүүнүн дал чокусунда мал чарбасы турганын билсе да, билмексен болуштун кереги жок.

Андан да терең фактыларга токтоло турган болсок, туура, буга чейин Айыл чарба министрлигинде иштин натыйжасыздыгынын бирден-бир себеби, каржылык ресурстардын жетишсиздиги экенин айтып келишкен. Азыр каржылык жактан маселе жок, акырындык менен чечилип келе жатат. Өткөн жылы айыл чарбасын каржылоого 26 миллиард сом бюджеттен бөлүнүптүр. Быйыл 20 миллиард сом каралып жатканын Министрлер Кабинетинин төрагасы билдирди. Айрым маалыматтарга караганда, Айыл чарба министри Аскарбек Жаныбеков Жогорку Кеңеште бюджет каралып жатканда «КРны азык-түлүктүн жети түрү менен өзүн өзү камсыз кылганга жетишем» деп убада берген экен. Тилекке каршы, күндөлүк жашоого өтө зарыл болгон ун, кант, суу май жана башка азык-түлүктөрдү чет өлкөдөн ташып келип жатканыбыз төгүн эмес. Мунун арты барып-барып азык-түлүк коопсуздугунун кооптуулугун айгинелейт. Убада берүүдө же министрлик кырдаалды туура талдай биле албаган, же адистери чабал. Айтор, Айыл чарба министрлиги мындай абалда иштесе, жакында ийгилик жаратары күмөн. Демек, айыл чарбасы аксаганы-аксаган. Бул өлкөнүн өнүгүү мүмкүнчүлүгүнө кедергисин тийгизери талашсыз. Ойлонолу.

Үмүттөр акталбады

# ШАЙЛООНУН ШАЙТАН ОЮНДАРЫ

## ЖЕ ТАЛАПКЕР НИЯЗАЛИЕВАНЫН РОМАНЫ ЖАЗЫЛЫП БҮТПӨЙ КАЛДЫБЫ?..




Бишкек шаарындагы №26 Ленин бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Жогорку Кеңештин депутатын мөөнөтүнөн мурда шайлоо максатына жетпей калды. Президент Садыр Жапаров укук коргоо органдарынын башчылары, Бишкек шаарынын мэри жана башка тиешелүү мекемелердин жетекчилери менен бирге депутаттыкка талапкерлер менен жүзмө-жүз жолугушуп, шайлоонун маданиятын жогорулатуу, элдин бул процесске ишеним арттыруу боюнча пикирин билдирип, адилетсиз жана мыйзамсыз аракеттерге барбоого чакырган болчу. Тилекке каршы, өлкө башчысынын үмүтү акталган жок.

Алсак, Борбордук шайлоо комиссиясынын оперативдүү координациялык тобуна 12 мыйзам бузуулар боюнча сигнал келип түшүптүр. Анын ичинен шайлоочуларды сатып алуу боюнча алты факты болсо, төртөө – шайлоо өнөктүгүнүн мөөнөттөрүн бузуу жана башка ушул сыяктуу дооматтар. Ал оропарада депутаттыкка талапкер Дамира Ниязалиевага үнү окшош аялдын Роман аттуу агитаторлорунун бири менен добуш сатып алуу боюнча сүйлөшүп жатканы тартылган аудиотасма социалдык түйүндөр аркылуу тарай баштады. Ниязалиева өзү муну монтаж деп жатат. Ниязалиеванын Романынын тагдыры кандай болот, тергөө көрсөтөт. Кечээ эле Улуттук коопсуздук боюнча мамлекеттик комитети Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкер Улан Сариевге, шайлоочуларды сатып алуу фактысы боюнча кылмыш ишин козгоду. Айтор, шайлоонун илгертен бери келаткан шайтан оюндары күчүндө. Ушундан улам, Кыргызстандын саясый технологдору шайлоо маданиятын арттыруунун ордуна, шайлоочуларды материалдык кызыкчылыкка азгырууга дагы деле маш экени байкалды.

Бул эмнени түшүндүрөт? Күнөө кимде – саясатчылардабы, же шайлоочулардабы? Талапкерлер пара бербей койсо болбойбу? Президенттин алдында сүттөн ак болуп отурушпады беле. Өлкө башчысын, элди алдап депутат болууга кимдин ариет, ар-намысы жол берет? Шайлоого округдагы жалпы шайлоочунун 13,95 пайызы араң катышыптыр. Бул антирекорд!

Кандай жыйынтыкка келебиз? Демек, жарандардын шайлоого болгон кызыгуусу жоголду. Бул бир. Экинчиден, элдин депутаттарга болгон ишеними өчтү. Саясатчылар чын эле коомдун активдүү өкүлү катары мамлекеттин өнүгүшүнө салым кошкусу келсе, элдин ишенимине ээ болуу үчүн мыйзамдуу, адилет жолду тандашы керек.

**Бетти даярдаган**
**Шекербек КАЛЫКОВ**

## Эр жигиттин ичине, ээр токумдуу ат батат

«Эркин-Тоо» гезитинин 2021-жылдын 8-июлундагы санына Кыргызстан Профсоюздар федерациясынын укук коргоо бөлүмүнүн башчысы Акмарал Абдыкалыкованын **“Профсоюздан кете албагандар кимдер жана себеби эмнеде?”** деген аталыштагы макаласы жарык көргөн.

Ал макалада Кыргызстандын Токой тармактар кызматкерлеринин республикалык профсоюздук комитетинин төрагасы Осмонов Канатбек Досбаевичтин дарегине: **“10 млн сомду жеп алган, гектарлаган жерлерди менчиктештирип алган”** деп айтылган сөздөр тастыкталбагандыгына байланыштуу “Эркин-Тоо” гезитинин редакциясы жогоруда айтылгандарды жокко чыгарат жана кечирим сурайт.

“Эр жигиттин ичине, ээр токумдуу ат батат” демекчи, “Эркин-Тоо” гезити мындан ары Кыргызстандын Профсоюз федерациясынын тармактык комитеттери менен жемиштүү кызматташууга даяр экендигин билдирет.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## СТАНЦИЯЛЫК КУРУЛМАЛАРДЫ (ТЕМИР ЖОЛ СТАНЦИЯЛАРЫН, АВТОБЕКЕТТЕРДИ, АВТОСТАНЦИЯЛАРДЫ ЖАНА АВТОКАССАЛАРДЫ), СТАНЦИЯЛЫК КУРУЛМАЛАРГА ЖАНАША АЙМАКТАРДЫ ЖЕКЕ МЕНЧИККЕ БЕРҮҮНҮН АЛДЫН АЛУУ, БӨГӨТ КОЮУ, ОШОНДОЙ ЭЛЕ ЖЕКЕ МЕНЧИККЕ МЫЙЗАМСЫЗ БЕРИЛГЕНДЕРДИ МАМЛЕКЕТТИН МЕНЧИГИНЕ КАЙТАРУУ БОЮНЧА ЧАРАЛАР ЖӨНҮНДӨ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

### ЖАРЛЫГЫ

Автобекеттердин жана темир жол станцияларынын иши чарбалык субъекттер тарабынан жүргүнчүлөрдү жана жүктөрдү ташуу боюнча кызматтарды көрсөтүү боюнча агенттин функцияларын аткаруу менен жүргүнчүлөрдү тейлөөнүн бирдиктүү технологиялык процессине кирет. Технологиялык процесстин чынжырчасынан чыгуу калкка көрсөтүлүүчү кызматтардын сапатына жана жүргүнчүлөрдү ташуунун коопсуздугуна өтө коркунучтуу таасирин тийгизет.

Автобекеттерди башка чарбалык субъекттерге берүү практикасы көптөгөн объекттер берилгенден кийин соода түйүндөрүнө кайра профилдештирилгенин же багыты боюнча эмес пайдаланылганын көрсөттү, анын натыйжасында жүргүнчүлөрдү тейлөө боюнча кызматтарды көрсөтүү деңгээли кескин начарлап, калк тарабынан адилеттүү наразычылыктарды жаратты.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан өз убагында жанаша аймактары менен станциялык курулмалар (темир жол станциялары, автобекеттер, автостанциялар жана автокассалар) жеке менчикке берилгенин белгилей кетүү зарыл.

Жүргүнчүлөргө жана ташуучуларга шарттарды түзүү, заманбап жана натыйжалуу транспорттук инфраструктураны өнүктүрүү, калк үчүн транспорттук комплекстин кызмат көрсөтүүлөрүнүн жеткиликтүүлүгүн жана транспорттук системанын туруктуулугун жогорулатуу, ошондой эле өлкөнүн туристтик жагымдуулугун күчөтүү максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 66, 71-беренелерин жетекчиликке алып, **токтом кылам:**

**1.** Мамлекеттин менчигинде турган станциялык курулмаларды (темир жол станцияларын, автобекеттерди, автостанцияларды жана автокассаларды) жеке менчикке берүүгө тыюу салынсын.

**2.** Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлиги жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттик:

- менчигинин түрүнө карабастан станциялык курулмалар тарабынан транспорт чөйрөсүндөгү мыйзамдардын сакталышына туруктуу контроль жүргүзсүн;
- станциялык курулмалардын аймагында транспорттук ишке жана жүргүнчүлөрдү тейлөөгө тиешеси жок объекттерди мыйзамсыз жайгаштырууну токтотуу жана болтурбоо боюнча ишти күчөтсүн.

**3.** Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги станциялык курулмаларга жанаша аймактардан жеңил таксилерди жана автобустарды санкцияланбаган жөнөтүүгө, ошондой эле баш аламан парковкаларды жана токтоочу жайларды уюштурууга бөгөт коюу боюнча ишти (анын ичинде фото жана видеофиксация аппараттарын колдонуу менен) туруктуу негизде жүргүзсүн.

**4.** Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына төмөнкүлөр сунушталсын:

- станциялык курулмаларга жанаша аймактарга укук белгилөөчү документтерди берүүгө тыюу салуу;
- станциялык курулмаларга жанаша аймактарда объекттерди мыйзамсыз уюштуруунун жана жайгаштыруунун алдын алуу боюнча ишти туруктуу негизде жүргүзүү;
- мамлекеттик станциялык курулмаларды куруу үчүн жер участокторун бөлүп берүү боюнча ар тараптуу көмөк көрсөтүү.

**5.** Кыргыз Республикасынын прокуратура органдары:

- төмөнкүлөргө текшерүү жүргүзсүн:

жеке менчикке берилген станциялык курулмалардын, станциялык курулмаларга жанаша аймактардын мыйзамдуулугуна;

менчигинин түрүнө карабастан станциялык курулмалардын профилдик багытына ылайык келишинин мыйзамдуулугунун сакталышына;

- жеке менчикке мыйзамсыз берилген станциялык курулмаларды, станциялык курулмаларга жанаша аймактарды кайтаруу боюнча толук чараларды көрсүн.

**6.** Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин даярдоо боюнча башкармалыгынын уюштуруу иштери жана аймактар менен өз ара аракеттенүү бөлүмү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан Кыргыз Республикасынын транспорт жана жер мыйзамдарынын аткарылышын контролго алсын.

**7.** Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**8.** Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек шаары, 2023-жылдын 23-майы, ПЖ №133***

## 2022-ЖЫЛДЫН 23-СЕНТЯБРЫНДА НЬЮ-ЙОРК ШААРЫНДА КОЛ КОЮЛГАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ МЕНЕН МАЛЬДИВ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН ОРТОСУНДАГЫ ВИЗАЛЫК ТАЛАПТАРДАН ӨЗ АРА БОШОТУУ ЖӨНҮНДӨ МАКУЛДАШУУНУ РАТИФИКАЦИЯЛОО ТУУРАЛУУ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2023-жылдын 3-майында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**

2022-жылдын 23-сентябрында Нью-Йорк шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети менен Мальдив Республикасынын Өкмөтүнүн ортосундагы Визалык талаптардан өз ара бошотуу жөнүндө макулдашуу ратификациялансын.

**2-берене**

Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги жогоруда көрсөтүлгөн Макулдашуунун күчүнө кириши үчүн зарыл болгон мамлекеттик ички жол-жоболор Кыргыз Республикасы тарабынан аткарылганы жөнүндө мальдив тарапка кабарласын.

**3-берене**

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 26-майы, №109***

## ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

### О РАТИФИКАЦИИ СОГЛАШЕНИЯ МЕЖДУ КАБИНЕТОМ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ И ПРАВИТЕЛЬСТВОМ МАЛЬДИВСКОЙ РЕСПУБЛИКИ О ВЗАИМНОМ ОСВОБОЖДЕНИИ ОТ ВИЗОВЫХ ТРЕБОВАНИЙ, ПОДПИСАННОГО 23 СЕНТЯБРЯ 2022 ГОДА В ГОРОДЕ НЬЮ-ЙОРК»

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 3 мая 2023 года*

**Статья 1**

Ратифицировать Соглашение между Кабинетом Министров Кыргызской Республики и Правительством Мальдивской Республики о взаимном освобождении от визовых требований, подписанное 23 сентября 2022 года в городе Нью-Йорк.

**Статья 2**

Министерству иностранных дел Кыргызской Республики уведомить мальдивскую сторону о выполнении Кыргызской Республикой внутригосударственных процедур, необходимых для вступления в силу вышеуказанного Соглашения.

**Статья 3**

Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

**Президент**
**Кыргызской Республики** **С.ЖАПАРОВ**

***г. Бишкек, 26 мая 2023 года, №109***

## 2022-ЖЫЛДЫН 26-АВГУСТУНДА КОЛ КОЮЛГАН 2002-ЖЫЛДЫН 7-ОКТЯБРЫНДАГЫ ЖАМААТТЫК КООПСУЗДУК ЖӨНҮНДӨ КЕЛИШИМ УЮМУНУН УСТАВЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ ТӨРТҮНЧҮ ПРОТОКОЛДУ РАТИФИКАЦИЯЛОО ЖӨНҮНДӨ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2023-жылдын 19-апрелинде Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**

2022-жылдын 26-августунда кол коюлган 2002-жылдын 7-октябрындагы Жамааттык коопсуздук жөнүндө Келишим Уюмунун Уставына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу төртүнчү протокол ратификациялансын.

**2-берене**

Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги көрсөтүлгөн Төртүнчү протоколдун күчүнө кириши үчүн зарыл болгон мамлекеттик ички жол-жоболор Кыргыз Республикасы тарабынан аткарылганы жөнүндө Жамааттык коопсуздук жөнүндө Келишим Уюмунун Катчылыгына кабарласын.

**3-берене**

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 26-майы, №112***

## ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

### О РАТИФИКАЦИИ ЧЕТВЕРТОГО ПРОТОКОЛА О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЙ В УСТАВ ОРГАНИЗАЦИИ ДОГОВОРА О КОЛЛЕКТИВНОЙ БЕЗОПАСНОСТИ ОТ 7 ОКТЯБРЯ 2002 ГОДА, ПОДПИСАННОГО 26 АВГУСТА 2022 ГОДА

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 19 апреля 2023 года*

**Статья 1**

Ратифицировать Четвертый протокол о внесении изменений в Устав Организации Договора о коллективной безопасности от 7 октября 2002 года, подписанный 26 августа 2022 года.

**Статья 2**

Министерству иностранных дел Кыргызской Республики уведомить Секретариат Организации Договора о коллективной безопасности о выполнении Кыргызской Республикой внутригосударственных процедур, необходимых для вступления в силу указанного Четвертого протокола.

**Статья 3**

Настоящий Закон вступает в силу со дня официального опубликования.

**Президент**
**Кыргызской Республики** **С.ЖАПАРОВ**

***г. Бишкек, 26 мая 2023 года, №112***

## 2022-ЖЫЛДЫН 21-ИЮНУНДА МАНАМА ШААРЫНДА КОЛ КОЮЛГАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ МЕНЕН БАХРЕЙН КОРОЛДУГУНУН ӨКМӨТҮНҮН ОРТОСУНДАГЫ ДИПЛОМАТТЫК, КЫЗМАТТЫК ЖАНА АТАЙЫН ПАСПОРТТОРДУН ЭЭЛЕРИН ВИЗАЛЫК ТАЛАПТАРДАН БОШОТУУ ЖӨНҮНДӨ МАКУЛДАШУУНУ РАТИФИКАЦИЯЛОО ТУУРАЛУУ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2023-жылдын 3-майында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**

2022-жылдын 21-июнунда Манама шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети менен Бахрейн Королдугунун Өкмөтүнүн ортосундагы Дипломаттык, кызматтык жана атайын паспорттордун ээлерин визалык талаптардан бошотуу жөнүндө макулдашуу ратификациялансын.

**2-берене**

Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги жогоруда көрсөтүлгөн Макулдашуунун күчүнө кириши үчүн зарыл болгон мамлекеттик ички жол-жоболор Кыргыз Республикасы тарабынан аткарылганы жөнүндө бахрейн тарапка кабарласын.

**3-берене**

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 26-майы, №113***

## ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

### О РАТИФИКАЦИИ СОГЛАШЕНИЯ МЕЖДУ КАБИНЕТОМ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ И ПРАВИТЕЛЬСТВОМ КОРОЛЕВСТВА БАХРЕЙН ОБ ОСВОБОЖДЕНИИ ОТ ВИЗОВЫХ ТРЕБОВАНИЙ ВЛАДЕЛЬЦЕВ ДИПЛОМАТИЧЕСКИХ, СЛУЖЕБНЫХ И СПЕЦИАЛЬНЫХ ПАСПОРТОВ, ПОДПИСАННОГО 21 ИЮНЯ 2022 ГОДА В ГОРОДЕ МАНАМА

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 3 мая 2023 года*

**Статья 1**

Ратифицировать Соглашение между Кабинетом Министров Кыргызской Республики и Правительством Королевства Бахрейн об освобождении от визовых требований владельцев дипломатических, служебных и специальных паспортов, подписанное 21 июня 2022 года в городе Манама.

**Статья 2**

Министерству иностранных дел Кыргызской Республики уведомить бахрейнскую сторону о выполнении Кыргызской Республикой внутригосударственных процедур, необходимых для вступления в силу вышеуказанного Соглашения.

**Статья 3**

Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

**Президент**
**Кыргызской Республики** **С.ЖАПАРОВ**

***г. Бишкек, 26 мая 2023 года, №113***

"КАРА АЛТЫНДЫН" АЙМАГЫНДА

### Жумгал райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы–акими Адыбек НАБИЕВ:

# "Жумгалдан өлкөбүздүн көп аймактары үлгү алышса болот"



Каарманым "кара алтындын" борборуна келгени ишти жаңы дем менен баштап, карапайым калкка тез эле сиңип, тартип менен тазалыкты биринчи орунга койгондугун район тургундары бир ооздон баса белгилешти. Адыбек Асанович өзү башкарган өрөөндүн жаңылыктарынан кенен кеп салып берди.

**- Адыбек мырза, Жумгал аймагынын "эки тизгин, бир чылбырын" колго алганыңызга ай айлана элек экен. Алгач ишти эмнеден баштадыңыз? Көнүшүп кеттиңизби?**

- Менин Жумгал районунун башчылыгына келген кезим Нарын облусундагы аймактарды ирилештирүү реформасы кызуу жүрүп жаткан учурга туш келди. Буга дейре Жумгал районунда 13 айыл өкмөтү болуп келсе, реформанын эпкини менен 6 айыл өкмөткө бириктирилди. Ушул күндөрү бириктирилген айыл өкмөттөрдө жайыт, СПА (суу пайдалануучулар ассоциациясы), "Тазалык" баштаган коомдук бирикмелер муниципалдык ишкана болуп түзүлүп, иш алып барышууда. Мындан ары бул ишканалар айыл өкмөттүн курамында болуп, толук кандуу иш алып барышат. Биз ушул багыттарда буга чейинки тажрыйбабызга таянып иштерди баштадык. Мен жазгы талаачылык иштери кызуу жүрүп жаткан убакта Жумгалга келип калдым. Буюрса, айдап-себүү иштери да аяктоо алдында турат. Муну айтканым, райондун аймагындагы ирригация маселесин, андагы көйгөйлөрдү чечүүгө билек түрүнө киришкен чагым. Ал эми көнүшүп кеткенде кандай? Биз эми башка өлкөгө барып иштеген жокпуз го? Кыргыздын эле жеринде иштеп жатабыз. Эмнеге көнбөшүм керек? Башка планетага келген жерим жок да.

**- Ооба, башка планетадан келгениңиз жок. Канчалык айтканыбыз менен аймактык айырмачылык бар да...**

- "Кара алтындын" борборуна которулуп келгениме бир айга чукулдап калды. Баардыгына көнүшүп, тил табышмак тургай, карапайым эл менен камыржумур аралашып иштеп жаткан чагым. Кудай буюрса, элдин жүгүн татыктуу көтөрүп, иштеп кете алаарымды гезит аркылуу да бекемдегим келет.

**- Жумгал аймагы "кара алтындын" борбору эмеспи. Бул жагындагы иштер кандай экен? Кайсы көйгөй көмүр өндүрүүнү "курчап" алыптыр?**

- Ооба, бизде 1 миллион 700 миң тоннага чейин көмүр өндүргөн "Кара Кече" баштаган 20дан ашык кендерибиз бар. Ишке шымалана киришкенден тарта көмүр кендерибиздин баарын кыдырып, жетекчилерге жолугуп, жеринде маселелер менен таанышып кайтканмын. Азыр кышка карата камылга катуу нукта жүрүүдө.

**- Көмүр чыккан жерди "эки аяктуулар" байырлашпаптырбы? Дегеле криминалдык абал ал жакта кандай экен?**

- Абал тынч. Жергиликтүү укук коргоо органдары бул жагынан иштеп жатышат. Райондун аймагында жалпы-жонунан коомдук, саясый абал тынч.

**- Кадрдык саясатты кандай кылып жатасыз? Баткенден келсеңиз, бул жакта оң-тааныштарыңыз деле жок да, "кол ийрисине тартат" дегендей...**

- Башта айтканымдай, айыл өкмөттөр ирилештирилип жаткан чак. Мен райондогу 6 айыл өкмөттүн башчысын дайындадым. Жаңыдан дайындалган айыл өкмөт башчылары өздөрүнүн аппаратындагы кадрларды өздөрү бекитип, дайындашат. Андагы кадрдык саясатты атайын түзүлгөн комиссия мыйзам талаптарына жооп бере ала тургандыгына, кадрлардын компоненттүүлүгүнө карап айыл өкмөт башчыларына сунуш беришти. А айыл өкмөт башчылары кадрлардан кимди кызматка коюшту же койбошту өздөрү бекитишет. Албетте, мыйзам чегинде.

**- Жумгалда "кой үстүнө торгой жумурткалагандай" баары эле жакшы эмес болсо керек. Сырттан келген кишиге оркоюп көрүнөт эмеспи, дегеле бул өрөөндө жүрөгүңүздү өйүгөн эмне маселе бар экен?**

- Кемчиликтерди жоюунун үстүндө иштеп жатабыз. Өтө деле жүрөктү өйүп, сар-санаа кылчу койгөй жок. Аныгында Жумгалдан өлкөбүздүн башка аймактары үлгү ала турчу көп иштери, жакшы жетишкендиктери бар. Анын баарын төш каккылап мактанып айткан жерибиз жок да, туурабы?

**- Президенттин кадрларды ротациялоо саясатынын эпкини менен түштүк аймагыбыздан которулуп келдиңиз. Бул саамалык жемишин бер-чүдөй бекен?**

- Бул абдан туура саясат! Мен кадрлардын резервинде болчумун. Буга дейре Баткен районунун акиминин биринчи орун басары, ага чейин облустук администрациянын бөлүмүндө 15 жыл иштеп келгем. Бул жакта орун бошогон экен, кадрлар резервинде турган менин талапкерлигимди карап көрүшүп, сунуш кылышты. Ойлонбостон дароо макулдугумду бердим.

**Калыгул БЕЙШЕКЕЕВ**

ЧЕЧКИНДҮҮ КАДАМ

# Кыргыз тилин мыйзам чыгаруу менен гана өнүктүрө албайбыз




Ушул аптада Жогорку Кеңештин жыйынында «Мамлекеттик тил жөнүндө» конституциялык мыйзамдын долбоору үчүнчү окууда каралып, 69 депутаттын макулдугу менен кабыл алынып, Президенттин кароосуна жөнөтүлдү. Эми Мамлекет башчысы долбоорго кол койгондон кийин, ал мыйзам катары күчүнө кирет. Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын төрагасы Каныбек Осмоналиев аталган мыйзам долбоору 34 жылдан кийин кабыл алынып жаткандыгын белгиледи.

КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиясы мындан бир жыл мурда "Мамлекеттик тил саясаты жана улуттук нарк" аталышындагы жыйын өткөрүп, Бишкек шаарында жайгашкан мамлекеттик органдардын, окуу жайлардын кыргыз тилин колдонуусу тууралуу айрым фактыларды ачыкка чыгарган. Анда Бишкек шаарындагы мекемелердин дээрлик баары иш кагаздарын орус тилинде жүргүзөөрү аныкталган. Алардын айрымдарына токтоло кетсек, Бишкек шаардык кеңеши иш кагаздарын 92, 9 пайыз орус тилинде жүргүзөт. Андан кийинки орунда Экономика жана коммерция министрлиги турат. Бул мекемеде иш кагаздарынын 89 пайызы орус тилинде. Орус тилинде иш жүргүзгөн министрликтердин сап башында Тышкы иштер министрлиги да тураары айтылган. Анда 88 пайыз иш кагаздар расмий тилде жазылат. Жада калса аймактар менен тыгыз байланышта болуп, мугалимдер менен түздөн-түз иштеген Билим берүү жана илим министрлиги да кыргыз тилине маани бербей, орус тилинде жүргүзүлгөн иш кагаздарынын пайыздык көрсөткүчү 67,8 пайызга жеткен. Бишкек шаарындагы бала бакчаларда да иш кагаздарынын 69, 8 пайызы орус тилинде жүргүзүлөөрү айтылган. Мындай кейиштүү абал тилекке каршы аймактарда да катталган. Республикабыздын ири шаарларындагы жогорку окуу жайларында да абал жакшы эмес. Жогорку окуу жайлардын флагманы деп саналган Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинде да иш кагаздарын 75 пайызы, Касым Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинде да иш кагаздары орус тилинде жүрөт. Жүргүзүлгөн мониторингдин жыйынтыгынан улам КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиясы чечкиндүү кадамдарга барып, мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизүү керектигин айтып чыккан. Айрыкча кыргыз тилин колдонуу 30 пайызга да жетпегендиги маселенин олуттуу экендигинен кабар берет. Жалпы республика боюнча иш кагаздарын эки тилде бирдей жүргүзгөн мекемелер 3 пайыз гана экен.

Мындай көрсөткүчтөрдөн кийин "Мамлекеттик тил жөнүндөгү" мыйзам айрым маанилүү беренелер менен толукталды. Парламенттин Социалдык саясат комитетинин төрайымы, депутат Винера Раимбачаева сунушталган мыйзамдын долбоору окумуштуулардын жана жарандардын сунуштарын эске алуу менен иштелип чыкканын билдирди.

Аталган мыйзамга Президент кол коюп, күчүнө киргенден кийин кыргыз тилин билбеген жарандар мамлекеттик кызматтарда иштей албайт. Тагыраагы, тестти белгиленген деңгээлден төмөн тапшыргандар мамлекеттик жана муниципалдык кызматтардан бошотулат.

Менчигинин түрүнө карабастан телерадиокомпаниялар милдеттүү түрдө берүүлөрүнүн 70 пайызын мамлекеттик тилде обого чыгарат. Ошондой эле өлкө аймагында иштеген веб-сайттардын кыргыз тилиндеги версияда берилген маалыматтарынын көлөмү жана мазмуну башка тилдерден кем болбошу керек. Дагы бир маанилүү учур, кыргыз тилиндеги расмий документтер жана ченемдик укуктук актылар түп нуска болуп эсептелери кабыл алына турган мыйзамда каралган.

**Мыйзам долбоору тууралуу Жогорку Кеңештин депутаты Винера Раимбачаева:**

*"Мамлекеттик тил жөнүндөгү" мыйзам мурда эле бар болчу. Бирок, анын аткарылышы көзөмөлдөнгөн эмес. Азыр сунуштадып жаткан мыйзамда муниципалдык кызматкерлерден тарта, мугалимдер, сот өндүрүшүнүн кызматкерлери, дарыгерлер да иш-кагаздарын кыргыз тилинде жүргүзүүгө милдеттендирилип жатат. Бирок, мыйзамда этникалык азчылыктардын да укугу сакталып, зарыл учурларда расмий тилде иш-кагаздарды жүргүзүүгө уруксат берилген. Кыргыз тилин мыйзам чыгаруу менен эле өнүктүрө албайбыз. Анын аткарылышы үчүн көп иш-чараларды өткөрүү керек деп эсептейм. Биз депутаттар көпчүлүгүбүз бул мыйзам долбоорунун кабыл алынышы үчүн добушубузду бердик. Эгер Президент кол коюп берсе, мыйзам күчүнө кирип, анын аткарылышын КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиясы көзөмөлгө алат" деди.*

**Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН 2022-ЖЫЛДЫН 8-ИЮЛУНДАГЫ №222 “ЭТИЛ СПИРТИН ӨНДҮРҮҮГӨ, САКТООГО ЖАНА САТУУГА ЖҮЗ ПАЙЫЗ МАМЛЕКЕТТИК МОНОПОЛИЯНЫ КИРГИЗҮҮ БОЮНЧА КЕЧИКТИРИЛГИС ЧАРАЛАР ЖӨНҮНДӨ” ЖАРЛЫГЫНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

**ЖАРЛЫГЫ**

“Кара-Балта спирт заводу” мамлекеттик ишканасын модернизациялоо жана өндүрүштүк кубаттуулугун көбөйтүү максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 66 жана 71-беренелерине ылайык **токтом кылам:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 8-июлундагы №222 “Этил спиртин өндүрүүгө, сактоого жана сатууга жүз пайыз мамлекеттик монополияны киргизүү боюнча кечиктирилгис чаралар жөнүндө” Жарлыгына төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

- төмөнкүдөй мазмундагы $2^1$-пункт менен толукталсын:

“$2^1$. “Кара-Балта спирт заводу” мамлекеттик ишканасы этил спиртин, алкоголдук, фармацевттик жана парфюмериялык-косметикалык продукцияларды өндүрүү боюнча үзгүлтүксүз иштөөнү камсыз кылууга байланышкан товарларды, жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү жана консультациялык кызматтарды рынокко мониторинг жүргүзүү жана берүүчүлөр менен сатып алуу суммасына чектөө коюлбастан кийин түздөн-түз келишимдерди түзүү жолу менен сатып алууну жүзөгө ашырат деп белгиленсин.”.

**2.** Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 29-майы, ПЖ №139***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН 2023–2026-ЖЫЛДАРГА УКУКТУК САЯСАТЫНЫН КОНЦЕПЦИЯСЫН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

**ЖАРЛЫГЫ**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 12-октябрындагы № 435 Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасын 2026-жылга чейин өнүктүрүүнүн улуттук программасын ишке ашыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 66, 71-беренелерин жетекчиликке алып, **токтом кылам:**

**1.** Төмөнкүлөр бекитилсин:

- Кыргыз Республикасынын 2023–2026-жылдарга укуктук саясатынын концепциясы (мындан ары - Концепция) ушул Жарлыктын 1-тиркемесине ылайык;
- Концепцияны ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планы (мындан ары - План) ушул Жарлыктын 2-тиркемесине ылайык.

**2.** Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине төмөнкүлөр сунушталсын:

- Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы, Кыргыз Республикасынын Жогорку соту, Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы), Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети менен бирдикте Планда белгиленген мөөнөттө төмөнкүлөрдү иштеп чыгуу жана бекитүү:

мыйзамдардын сапатын камсыз кылуу, ошондой эле мыйзамдардын натыйжалуулугун баалоо жолу менен күтүлгөн максаттарга жетүү үчүн укуктун колдонулушуна мониторинг жүргүзүү тартибин;

укуктук (укук колдонуу) мониторингди жүргүзүүдө мыйзам чыгаруу, сот, аткаруу органдарынын өз ара аракеттенүү тартибин;

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын ишке ашырылышына контролдоонун жаңы механизмин.

**3.** Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги менен бирдикте белгиленген мөөнөттө сот адилеттигин жүргүзүүдө аныкталган мыйзамдардагы проблемаларды чечтетүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Кыргыз Республикасынын Жогорку соту менен өз ара аракеттенүү тартибин иштеп чыгуу жана бекитүү сунушталсын.

**4.** Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлиги Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги менен бирдикте белгиленген мөөнөттө төмөнкүлөргө мүмкүндүк берүүчү Ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун иштеп чыгуунун жана макулдашуунун бирдиктүү электрондук системасын иштеп чыгууну жана аны пилоттук түрдө иштетүүнү камсыз кылсын:

ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун иштеп чыгуу жана макулдашуу процессин башкарууга жана контролдоого, анын ичинде ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар, башка органдар жана уюмдар тарабынан долбоорлорго электрондук түрдө виза коюуга;

ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун кароодо жана макулдашууда ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүүнү, ошондой эле аларды иштеп чыгуунун жүрүшүнө мониторинг жүргүзүүнү камсыздоого;

долбоорлорду коомдук жана кесиптик талкуулоону жүргүзүүгө, анын ичинде пайдаларды, чыгымдарды жана күтүлгөн натыйжаларды талдоого, ошондой эле алардын жеке жана юридикалык жактардын укуктарына жана кызыкчылыктарына, социалдык чөйрөгө, ишкердик ишке, айлана-чөйрөнүн абалына тийгизген таасирин, ошондой эле мүмкүн болуучу кесепеттерин талдоого.

**5.** Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы, Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлиги менен бирдикте Планда белгиленген мөөнөттө илимий жана эксперттик чөйрөлөрдүн өкүлдөрүнүн, жогорку билим берүү мекемелеринин студенттеринин жана илимий даражага изденүүчүлөрдүн илимий-аналитикалык ишинин жыйынтыгы боюнча иштелип чыккан мыйзамдарды өркүндөтүү боюнча изилдөөчүлүк, аналитикалык материалдарды камтыган жалпыга жеткиликтүү онлайн маалыматтык системаны түзсүн жана аны дайыма жаңыртып турууну камсыз кылсын.

**6.** Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине төмөнкүдөй кошумча милдеттер жүктөлсүн:

- мамлекеттик органдардын ишинде ырааттуу жана бир түрдүү укук колдонуу практикасын камсыз кылуу боюнча чараларды ишке ашыруу;
- мамлекеттик органдардын жана уюмдардын юридикалык кызматтарынын ишин координациялоо, контролдоо жана методикалык көмөк көрсөтүү;
- мамлекеттик башкаруу системасынын натыйжалуулугуна талдоо жана мониторинг жүргүзүү;
- административдик жол-жоболор чөйрөсүндө бирдиктүү мамлекеттик саясатты жүргүзүү;
- юридикалык кадрларды даярдоону, кайра даярдоону жана квалификациясын жогорулатууну уюштуруу, юриспруденция жаатында фундаменталдык жана колдонмо изилдөөлөрдү жүргүзүүнү камсыз кылуу.

**7.** Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги:

- Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлиги менен бирдикте Планда белгиленген мөөнөттө Кыргыз Республикасынын укуктук маалыматтарынын борбордоштурулган банкын модернизациялоону камсыз кылсын, анын ичинде ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын ченемдик укуктук актыларга андан ары талдоо жүргүзүүсү жана тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүүнү демилгелөөсү үчүн ченемдик укуктук актыларга жарандар тарабынан онлайн-режиминде комментарий берүү мүмкүндүгүн камсыз кылуу жолу менен;
- Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы менен бирдикте Планда белгиленген мөөнөттө мыйзамдардагы боштуктарды жана карама-каршылыктарды четтетүү боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин жана Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын өз ара аракеттенүү тартибин иштеп чыксын жана бекитсин;
- Планда көрсөтүлгөн иш-чараларды сапаттуу жана өз убагында аткарууну, ошондой эле Концепцияны жана Планды ишке ашыруунун алкагында иштелип чыгуучу ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун даярдоону, макулдашууну жана киргизүүнү координациялоону, мониторинг жүргүзүүнү камсыз кылсын;
- ар бир жарым жылдыктын жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына мониторинг жүргүзүүнүн натыйжалары жөнүндө маалымат берип турсун.

**8.** Концепцияда көрсөтүлгөн иш-чараларды каржылоо республикалык бюджеттен мамлекеттик органдарга тиешелүү жылга бөлүнгөн каражаттардын чегинде жүргүзүлөт деп белгиленсин.

**9.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети:

- Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши (макулдашуу боюнча) менен бирдикте Планда белгиленген мөөнөттө ченемдик укуктук актыларды кабыл алуунун натыйжасында келтирилген зыяндын ордун толтуруу процессин регламенттеген тартипти иштеп чыксын жана бекитсин;
- Планда белгиленген мөөнөттө иштелип чыгуучу ченемдик укуктук актылардын долбоорлорунун сапатына, аларды ийгиликтүү ишке ашырууга, ошондой эле натыйжасыз жөнгө салуудан улам жарандар жана ишкердик субъекттер тапкан пайдага жана тарткан чыгымга (анын ичинде зыянга) жараша ченем жаратуу процесси менен байланышкан мамлекеттик органдардын ишин баалоо механизмин иштеп чыксын;
- бул Жарлыктан келип чыгуучу башка чараларды көрсүн.

**10.** Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**11.** Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 31-майы, ПЖ №146***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2023-ЖЫЛДЫН 24-МАРТЫНДАГЫ №166 “БАТКЕН ОБЛУСУН 2021–2035-ЖЫЛДАРЫ ӨНҮКТҮРҮҮ ПРОГРАММАСЫН ИШКЕ АШЫРУУГА РЕСПУБЛИКАЛЫК БЮДЖЕТТЕ КАРАЛГАН КАРАЖАТТАРДЫ ПАЙДАЛАНУУ ТАРТИБИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ” ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

**ТОКТОМУ**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 17-сентябрындагы №313 “Баткен жана Ош облустарынын административдик-аймактык бирдиктерин калыбына келтирүү жана өнүктүрүү боюнча биринчи кезектеги чаралар жөнүндө” Жарлыгын ишке ашыруунун алкагында республикалык бюджеттен бөлүнгөн бюджеттик каражаттарды натыйжалуу пайдалануу максатында, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 24-мартындагы №166 “Баткен облусун 2021–2035-жылдары өнүктүрүү программасын ишке ашырууга республикалык бюджетте каралган каражаттарды пайдалануу тартибин бекитүү жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Баткен облусун 2021–2035-жылдары өнүктүрүү программасын ишке ашырууга республикалык бюджетте каралган каражаттарды пайдалануу тартибинде:

- 7-пункттун 5-пунктчасы “турак жай куруу” деген сөздөрдөн кийин “жана чек ара жана аскердик инфраструктураны чыңдоо максатында жер участокторун, турак үйлөрдү (турак жай фондун) сатып алууга, ижарага алынган турак жайга, курулуш объекттерине компенсацияларды төлөө (сатып салуу)” деген сөздөр менен толукталсын.

**2.** Бул токтом 2023-жылдын 10-майынан тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек шаары, 2023-жылдын 25-майы, №271***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН 2023-ЖЫЛДЫН 24-МАРТЫНДАГЫ №66 “КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙРЫМ МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРДЫН ТҮЗҮМҮН ОПТИМАЛДАШТЫРУУ ЖӨНҮНДӨ” ЖАРЛЫГЫН ИШКЕ АШЫРУУ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

**ТОКТОМУ**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 24-мартындагы №66 “Кыргыз Республикасынын айрым мамлекеттик органдардын түзүмүн оптималдаштыруу жөнүндө” Жарлыгын ишке ашыруу максатында, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу “Атайын байланыш кызматы” мамлекеттик ишканасын тиешелүү штаты, финансылык жана материалдык-техникалык каражаттары, куралжарагы, ок-дарылары, атайын каражаттары, имараттары жана курулмалары менен Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин карамагына өткөрүп берүү менен Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин “Атайын байланыш кызматы” мамлекеттик ишканасы болуп кайра аталсын.

**2.** Төмөнкүлөр белгиленсин:

1) Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин “Атайын байланыш кызматы” мамлекеттик ишканасы (мындан ары - “Атайын байланыш кызматы” мамлекеттик ишканасы) Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу “Атайын байланыш кызматы” мамлекеттик ишканасынын укук улантуучусу болуп саналат;

2) “Атайын байланыш кызматы” мамлекеттик ишканасынын кызматкерлерине, анын ичинде тейлөөдө иштеген кызматкерлерге (техникалык тейлөөчү персоналга) эмгек акы төлөө колдонуудагы белгиленген эмгек акы төлөө шарттары боюнча жүргүзүлөт.

**3.** Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги, Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлиги:

1) алты айлык мөөнөттө:

- түзүмүн жана штаттык расписаниесин ушул токтомго ылайык келтирсин;
- бөлүү балансын Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине бекитүүгө киргизсин;
- ушул токтомдон келип чыгуучу ченемдик укуктук жана башка актылардын долбоорлорун Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин кароосуна киргизсин;

2) ушул токтомду ишке ашыруу менен байланышкан уюштуруучулук иш-чараларды өткөрүү боюнча комиссия түзсүн, тиешелүү жол-жоболорду жүргүзүүнү уюштурсун;

3) штатты өткөрүп берүүдө ушул токтом күчүнө кирген датага карата тиешелүү кызмат орундарын ээлеген “Атайын байланыш кызматы” мамлекеттик ишканасынын кызматкерлери жана жумушчулары эмгек ишинин түрлөрүн өтөөнүн өзгөчөлүктөрүн сактоону эске алуу менен өткөрүлүп берилүүчү функцияларды аткаруу үчүн которулууга тийиш экендиги эске алынсын;

4) өзүнүн чечимдерин ушул токтомго ылайык келтирсин;

5) “Атайын байланыш кызматы” мамлекеттик ишканасынын үзгүлтүксүз иштешин камсыз кылсын;

6) ушул токтомдон келип чыгуучу башка чараларды көрсүн.

**4.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**5.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек шаары, 2023-жылдын 29-майы, №272***

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО
№44 (3493)
2023-жылдын 2-июну


## МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ БИЛИМ БЕРҮҮ ЧӨЙРӨСҮНДӨ ИШКЕРДИК ИШТИ ӨНҮКТҮРҮҮ ЖАНА БАЛДАРДЫ МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ БИЛИМ БЕРҮҮ МЕНЕН КАМТУУНУ КӨБӨЙТҮҮ БОЮНЧА КОШУМЧА ЧАРАЛАР ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

# ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 12-октябрындагы №435 Жарлыгы менен бекитилген 2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасын ишке ашыруу, балдарды мектепке чейинки билим берүү менен камтууну кобөйтүү жана мектепке чейинки билим берүү кызматтарын көрсөтүүнү өнүктүрүү максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Төмөнкүлөр белгиленсин:

- жеке ишкер катары иш жүргүзгөн жеке жактар мектепке чейинки билим берүү кызматтарын көрсөтүүнү уюштурууда балдардын болуу шарттарынын коопсуздук боюнча минималдуу санитардык талаптарына жана өрт коопсуздугун камсыз кылуу боюнча минималдуу талаптарына ылайык турак жайларда мектепке чейинки билим берүү кызматтарын көрсөтүүгө укуктуу;

- мектепке чейинки билим берүү кызматтарын көрсөткөн жеке ишкерлер ушул токтомго ылайык Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети менен макулдашуу боюнча Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматы бекиткен форма боюнча электрондук документ түрүндө көрсөтүлүүчү кызматтар жөнүндө маалыматтарды түзөт жана жыл сайын 1-апрелге чейинки мөөнөттө ыйгарым укуктуу салык органына берет;

- ыйгарым укуктуу салык органы отчеттук жылдан кийинки жылдын 1-июнуна чейинки мөөнөттө электрондук документ түрүндө алынган маалыматтарды Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетине жиберет.

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 18-февралындагы №84 "Иштин түрлөрү боюнча патенттин негизинде салыктын базалык суммасын бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй толуктоо киргизилсин:

- жогоруда аталган токтомдун 2-тиркемеси төмөнкүдөй мазмундагы 26-1-пункт менен толукталсын:

"

| | | | |
|---|---|---|---|
| 26-1 | 25 балага чейинки санда турак жайларда мектепке чейинки билим берүү кызматтарын көрсөткөн жеке ишкерлерге кызматтарды көрсөткөн жеке адамдардын (тарбиячы, тарбиячынын жардамчысы (бала багуучу), ашпозчу, педагог) иши | 96.09.0 | 600 |

".

**3.** Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги, Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги, Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги жана Бишкек шаарынын мэриясы (макулдашуу боюнча) менен биргеликте пилоттук режимде турак жайларда жеке ишкерлер тарабынан мектепке чейинки билим берүү кызматтарын көрсөтүүдө окутуу, сертификациялоо жана кабарлоо тартибин биргелешкен чечим менен бекитсин.

**4.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттик, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары (макулдашуу боюнча) бир түрдүү колдонуу максатында турак жайларды ижарага алган Кыргыз Республикасынын жарандарын "Ички жер которуу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 9-статьясына ылайык маалыматтарды "Санарип аймак" системасына киргизүү үчүн турган жери боюнча жөнөкөйлөтүлгөн тартип боюнча каттоо жөнүндө жоболорду регламенттөө боюнча чараларды көрсүн.

**5.** Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттик, Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын (макулдашуу боюнча) башчылары менен биргеликте:

- 2025-жылдын 1-июнуна чейин Кыргыз Республикасынын региондорунда мектепке чейинки билим берүү чөйрөсүндөгү жеке ишкердик ишти этап-этабы менен өнүктүрүү боюнча чараларды көрсүн;

- Кыргыз Республикасынын жарандарына жеке ишкерлер тарабынан мектепке чейинки билим берүү кызматтарын көрсөтүү мүмкүндүгү жөнүндө маалымдасын;

- турак жайларда мектепке чейинки билим берүү кызматтарын көрсөткөн жеке ишкерлерди каттоодо жана ишин уюштурууда туруктуу консультациялык-методикалык жардам менен камсыз кылсын.

**6.** "Кепилдик фонд" ачык акционердик коомуна Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарынан жеңилдетилген каржылоо алуу үчүн турак жайларда мектепке чейинки билим берүү кызматтарын көрсөткөн жеке ишкерлерге кепилдиктерди берүү мүмкүндүгү жөнүндө маселени кароо сунушталсын.

**7.** Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү жана жергиликтүү мамлекеттик администрациялар Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 16-январындагы №20 токтому менен бекитилген Региондорду өнүктүрүү фонддору жөнүндө типтүү жобого ылайык турак жайларда мектепке чейинки билим берүү кызматтарын көрсөткөн жеке ишкерлерди жеңилдетилген каржылоо боюнча чараларды көрсүн.

**8.** Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги турак жайларда мектепке чейинки билим берүү кызматтарын көрсөткөн жеке ишкерлерди каттоого жана ишин уюштурууга мониторинг жүргүзсүн жана жарым жылдыктын жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына алар боюнча отчет берсин.

**9.** Бул токтомдуи аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**10.** Бул токтом расмий жарыяланууга тийиш жана 2023-жылдын 1-майынан тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек шаары, 2023-жылдын 29-майы, №279***

## ПССИ Первомайского района г. Бишкек

ОБЪЯВЛЯЕТ ПОВТОРНЫЕ ПУБЛИЧНЫЕ ТОРГИ
на недвижимое имущество

**- жилой дом с надворными постройками, общая площадь 61,00 кв.м., жилой площадью 32,10 кв.м., - расположенный на земельном участке мерою 500,00 кв.м., находящегося по адресу: г. Бишкек, ж/м Ак-Босого, ул. Чуй-51, д. 11, идентификационный код 1-02-12-0067-0164, путем продажи с публичных торгов, установив его начальную (стартовую) продажную цену в размере 1 635 620 (один миллион шестьсот тридцать пять тысяч шестьсот двадцать) сом.**

Для участия в торгах, необходимо внести **5%** от начальной (стартовой) продажной цены до начала торгов на депозитный счет ПССИ Первомайского района г. Бишкек. Покупная цена должна быть внесена не позднее 7 (семи) дневного срока после торгов на депозитный счет ПССИ Первомайского района г. Бишкек.

Торги состоятся **10 июля 2023 года в 10.00 часов** по адресу: **г.Бишкек, ж/м Ак- Босого, ул. Чуй-51, д. 11.**

**Организатор торгов судебный исполнитель ПССИ Первомайского района г. Бишкек Джаналиев А.М., справки по телефону: (0312) 30-31-89.**

Реквизиты: Центральное казначейство при МФ КР, БИК: **440001**, р/с: **4402012100000440**, ИНН **00405199510158**, (депозитный счет) ПССИ Первомайского района г.Бишкек, код платежа: **14238900**, в назначении указать участника торгов и номер дела.

С/О-603

**Урматтуу Акционерлер!**

## «КАНТСКАЯ ПМК» ААК

***2023-жылдын 24-июнунда саат 10.00дө боло турган акционерлердин жылдык кезексиз чогулушун өткөрө тургандыгы жөнүндө маалымдайт.***

**Дареги: Люксембург айылы, Марковский көчөсү, 72а, чогулушка катышууга укугу бар акционерлердин тизмесин түзүү күнү – 2023-жылдын 2-июну.**

**КҮН ТАРТИБИ:**

1. Эсептөө комиссиясынын курамын бекитүү.
2. Коом тарабынан ири бүтүм жасоону колдоо тууарасында.
3. Ири бүтүмгө байланыштуу коомдун акционерлеринен сатып алууну сатып алуу укугун ишке ашыруунун шарттары жана тартиби жөнүндө.

Каттоонун башталышы **2023-жылдын 24-июнунда саат 8.55де.**

Каттоо **2023-жылдын 24-июнь күнү саат 9.55те** аяктайт.

Акционерлер чогулуштун ишине жеке өзү же Кыргыз Республикасынын мыйзам талаптарына ылайык берилген ишеним кат боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү аркылуу катыша алышат.

Чогулуштун материалдары менен коом менен байланышуу аркылуу төмөнкү даректен таанышууга болот: **Люксембург айылы, Марковский көчөсү, 72а.**

**Сурап-билүү телефондору: (0555) 20-46-75; (03132) 5-35-55**

**Уважаемые Акционеры!**

## ОАО «КАНТСКАЯ ПМК»

***уведомляет о проведении внеочередного общего собрания акционеров, которое состоится 24 июня 2023 года в 10.00 часов.***

**По адресу: с. Люксембург, ул. Марковского, 72а, день составления списка акционеров, имеющих право на участие в собрании 2 июня 2023 года.**

**ПОВЕСТКА ДНЯ:**

1. Утверждение состава счетной комиссии.
2. Об одобрении совершения крупной сделки обществом.
3. Об условиях и порядке реализации права требования выкупа у акционеров общества, в связи с крупной сделкой.

Начало регистрации - в **8.55 ч. 24 июня 2023 г.**

Окончание регистрации - в **9.55 ч. 24 июня 2023 г**.

Участвовать в работе собрания акционеры могут лично или через уполномоченного представителя по доверенности, оформленной в соответствии с требованиями законодательства Кыргызской Республики.

С материалами собрания можно ознакомиться, обратившись в общество по адресу: **с. Люксембург, ул. Марковского, 72а.**

**Справки по телефонам: (0555) 20-46-75; (03132) 5-35-55.**

Н-129

## ПССИ Первомайского района г. Бишкек

ОБЪЯВЛЯЕТ ПРОВЕДЕНИЕ ПУБЛИЧНЫХ ТОРГОВ
НА НЕДВИЖИМОЕ ИМУЩЕСТВО

**земельный участок, расположенный по адресу: г. Бишкек, мкр. 12, д. 19/2, идентификационный код 1-04-12-0032-0119, принадлежащий Миниахметову Вадиму Динисламовичу. с первоначальной стартовой ценой 6 280 000 сом (шесть миллионов двести восемьдесят тысяч) сом.**

Торги состоятся **04.07.2023 г. в 11.00 часов** по месту нахождения имущества, в случае не возможности доступа или иных препятствий торги состоятся на территории ПССИ Первомайского района г. Бишкек.

Для участия в торгах необходимо внести **5%** от начальной (стартовой) продажной стоимости, до начала торгов на депозитный счет ПССИ Первомайского района г. Бишкек. Покупная цена должна быть внесена не позднее 7 дневного срока после торгов на депозитный счет ПССИ Первомайского района г. Бишкек. Торги состоятся **14.07.2023 года в 11.00 часов,** по месту нахождения имущества.

**Организатор торгов Судебный исполнитель Макеев К.М. справки по тел.: (0501) 50-21-60.**

Реквизиты: Центральное казначейство при МФ КР, БИК **440001**, р/с: **4402012100000440** (депозитный счет) ПССИ Первомайского района г.Бишкек, код платежа **14238900**, в назначении указать участника торгов и номер дела.

Н-131

## ПССИ Первомайского района г. Бишкек

ОБЪЯВЛЯЕТ ПУБЛИЧНЫЕ ТОРГИ НА НЕДВИЖИМОЕ ИМУЩЕСТВО

**- жилой дом с надворными постройками, общая площадь - 70,90 кв.м., жилой площадью - 35,20 кв.м., - расположенный на земельном участке мерою - 420,00 кв.м., находящаяся по адресу: г. Бишкек, ул.Наманганская, д. 13 б, идентификационный код 1-03-01-0003-0585, путем продажи с публичных торгов, установив его начальную (стартовую) продажную цену в размере 1 435 420 (один миллион четыреста тридцать пять тысяч четыреста двадцать) сом.**

Для участия в торгах, необходимо внести **5%** от начальной (стартовой) продажной цены до начала торгов на депозитный счет ПССИ Первомайского района г. Бишкек. Покупная цена должна быть внесена не позднее 7 (семи) дневного срока после торгов на депозитный счет ПССИ Первомайского района г. Бишкек.

Торги состоятся **13 июля 2023 года в 11.00 часов** по адресу: **г. Бишкек, ж/м Ак- Босого, ул. Чуй-51, д. 11.**

**Организатор торгов судебный исполнитель ПССИ Первомайского района г. Бишкек Джаналиев А.М., справки по телефону: (0312) 30-31-89.**

Реквизиты: Центральное казначейство при МФ КР, БИК: **440001**, р/с: **4402012100000440**, ИНН **00405199510158**, (депозитный счет) ПССИ Первомайского района г.Бишкек, код платежа: **14238900**, в назначении указать участника торгов и номер дела.

С/О-603

***В связи с утерей гос. акта серия Ч №198171 на имя Байгазиевой Жыргал Мансуровны считать недействительным.***

Н-133

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

ЧҮЙҮБҮЗ – КУТТУУ ҮЙҮБҮЗ

## Кемин шаарынын мэри Кайрат АБДЫВАЛИЕВ:

# “ӨНҮГҮҮ ҮЧҮН ТАЛБАГАН ЭМГЕК КЕРЕК”

**Сары-Өзөн Чүйдө заман талабына жараша өнүгүп-өсүп жаткан шаарлардын бири – Кемин шаары. Бул шаарда адамдын жашоо-турмушуна ыңгайлуу шарттар түзүлүп, социалдык-экономикалык өнүгүү багытындагы план-тапшырмаларды аткаруу боюнча кызуу иштер жүрүп жатыптыр. Кемин шаарынын мэри Абдывалиев Кайрат Замирбекович биз менен болгон маегинде алдыга койгон максаттары, аткарылып жаткан иштер тууралуу төмөндөгүлөрдү айтып берди.**



### ЖЕТЕКЧИ ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТ:

**Абдывалиев Кайрат мырза Кемин шаарында туулуп-өскөн. Атаэнеси, тууган-уруктары ак кызматтары, адал эмгектери менен эл оозуна алынган карапайым, интеллигент адамдар болгондуктан каарманыбыз дагы мектепти жалаң 5 деген баалар менен аяктап, 2 жогорку окуу жайды бүтүрүп, 2 кесиптин ээси болгон. Кыргыз Республикасынын Жер ресурстары мамлекеттик агенттигине караштуу “Кадастр” мамлекеттик мекемесинин Кемин райондук филиалынын жоопту кызматында узак жылдар үзүрлүү эмгектенип келген. Жерге жайгаштыруу, кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо багытында зор тажрыйба топтоп, кеминдик атуулдарга эстен кеткис зор кызматтарын өтөдү. 2021-жылы Кемин шаарынын мэри болуп шайланган. Андан бери бир топ иштерди жасап, натыйжалуу долбоорлорду улантууда. Бактылуу үй-бүлөнүн ээси, 4 баланын камкор атасы.**

### “Коопсуз шаар” ишке ашууда

- Кемин шаары аймактын борбору болгондуктан, келген конокторго, жергиликтүү тургундарга ыңгайлуу шарттарды түзүү эки эселеген жоопкерчиликти талап кылат. Шаарыбызды социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү жаатындагы программабызды жыл башынан эле шаардык кеңештин депутаттары, коомчулук менен бирге пландап алганбыз. Учурда ошол маселелерди аягына чыгаруу максатында иштеп жатабыз. Маселен, былтыр Кемин райондук өнүктүрүү фонду менен эки долбоорду жактаганбыз. Азыр ошол долбоорлор ишке ашып жатат. Биринчиси, шаардыктардын коопсуздугун коргоо, жол эрежелерин сактоо жана тартипке келтирүү максатындагы 6,5 млн сомдук “Коопсуз шаар” долбоорунун алкагында бөлүнгөн каражаттарга шаар ичине видео байкоолор орнотулат. Мектептерге, бала бакчаларга, көчөлөргө муниципалдык жерлердин бардыгына, жол жээктерине кишини жана унааны жакшы каттаган, тааныган, заманбап камералар коюлат. Ошолор боюнча иш жүргүзүп жатабыз. Буюрса бул иштер эки айдын ичинде ишке ашып калат.

Анан дагы шаардын инфратүзүмдөрүн жакшыртууга өзгөчө көңүл бурулууда. Ушул маселеге байланыштуу жаңы эле 48 млн сомдук тендер өттү. Бишкек – Нарын – Торугарт жолундагы 2 чакырым жолдун эки тарабынан тең жарыктандырылат. Кечээ жакында эле тендерден уткан тараптар менен келишимге кол койдук. Буюрса алар кийинки жумадан ишти баштай турган болушту. Келишим боюнча бир айдын ичинде бүтүп берүү жагын көздөп жатышат. Бул долбоор Кемин райондук өнүктүрүү фондусунун эсебинен жасалып жатат. Андан сырткары быйыл жергиликтүү бюджеттен Тукеев көчөсүнүн 1800 метр жолуна асфальт төшөө иштери башталат. Ал дагы эки айга жетпеген убакта ишке ашып калат го деп жатабыз.




### "Ас-Саламдын" кайрымдуулугу

- Шаарыбызда эскилиги жеткен имараттарды бузуп-оңдоп дегендей, иретке келтирүү иштери жүрүп жатат. Ошону менен бирге жардамга муктаж жарандарыбызды колдоого алып жатабыз. Маселен, шаардын 1-кичи районундагы бузулган төрт үйүбүз бар болчу. Муниципалдык менчик жер эле. Соттун чечими менен биз ал үйлөрдү 2010-жылы алганбыз. Сейсмология илимий-изилдөө институтунан, архитектура, курулуш башкармалыгынан берилчү уруксат кагаздарын алып, бир айдай документ иштерин даярдап, жыл башынан бери оңдоп-түзөө иштери жүрүп баштады. Азыркы күндө төрт үйдүн чатырлары жабылып, ички жумуштары башталды. Андан сырткары, 2022-жылдын декабрь айында "Ас-Салам" фонду менен 54 млн сомдук келишимге кол койгонбуз. Негизи 90 млн сомдук долбоор болчу. Төрт үйдү "Ас-Салам" фонду оңдоп, ичине эмеректерин жана тиричилик техникаларын коюп беришет. Жада калса, микротолкундуу тамак жылытуучу буюм, нан жасоочу, тамак бышыруучу электрмештери, идиш-аяктын түрлөрү менен камсыз кылышмакчы. Буюрса, ушул жылдын аягында алар үйдү бүткөрүп, бизге өткөрүп берет. 90 батирлүү үйдүн, 30 пайыз жашоочуларын өздөрү тандап алышып, бөлүп беришет. Ал эми калган 70 пайызын өзүбүз тараптан шайланган комиссиянын корутундусунун негизинде муктаж болгондорго, үй-жайсыз адамдарга беребиз. Алар үйлөрдүн электр энергияларын үйдүн алдына чейин алып келип беришсе, көмөкчү чордондорду коюп алып, андан ары өзүбүз улантып кетмекчибиз. Таза сууну жеткирип, саркынды суу агуучу түтүктөрүн биз тазалап беребиз.

Шаардык кеңештин сессиясында бул маселе абдан дыкаттык менен каралган. Ошол жыйындын негизинде шаарыбызда жашаган жетим-жесирлерге, оор жумуштарга жарабаган майыптыгы бар адамдарга, он тоголок жетим балдарга дагы турак-жай бөлүп берүүнү чечтик. Буюрса, ошол он балага салынып жаткан жогоруда айткан үйдөн беребиз. Шаардык мэрия менен шаардык кеңештин депутаттары ушул чечимди чыгарып койдук. Ушул бүгүнкү мүмкүнчүлүктөн пайдаланып, “Ас-Салам” кайрымдуулук фондуна ыраазычылык билдиребиз.

Андан башка шаарыбыздагы курулуш таштандыларын чыгарып берүү милдеттери дагы биздин мойнубузда. Жакында эле “Кеминтазалык” деп аталган муниципалдык ишканабыз ишке киргизилди. Көрктөндүрүү,




Жол коопсуздугун сактоодо жол белгилерин орнотуу







“Жашыл мурас” улуттук долбоору ишке ашырылууда

жашылдандыруу эрежелерин ишке ашырууда, жеке турак-жайларда кандай иштерди жасоо керектигин ал ишкананын адистери жакшы билишет. Таштандыларды чыгарып салуу кызматы үчүн ар бир адам ушул мезгилге чейин 15 сом айына төлөсө, азыр 24 сом төлөнөт. Бул сумма бардык кызматтарды эсептелинип анан чыгарылды.

## Таза суунун кадыр-баркын кетирип, кор тутпайлы

- Шаардын калкын таза суу менен камсыз кылуу орчундуу маселелердин бири. Кечээ жакында “Ас-Салам” фондунан Башар аттуу шейх “Кеминсууканал” ишканасына келип, элибиз үчүн өтө зарыл жөрөлгөнү баштап кетти. Төрт таза суу насосторун жана үч чакырым аралыктагы таза суу түтүкчөлөрүн куруп бермей болушту. Алар бул жасай турган жардамдарын эл алдына жарыялап, ишти кандай жүргүзүшө тургандыктары туурасында айтып беришти. Жакынкы арада бул иш аягына чыгат.

Шаарда үч скважина иштейт. Ошондой болсо дагы шаардын айрым жерлерине суу жетпей жатат. Анткени иштеп жаткан 3 насостун бирөөсү күйүп кетип, ишибиз солгундап калды. Ошол жерлерге насос койдурушубуз зарыл болуп турат. Шаардагы түтүкчөлөр 1962-жылы курулуптур. Азыр түтүктөр өздөрүнүн кызматын өтөп бүттү, эскирип, алмаштырууга муктаж болуп турганбыз. Аталган фондго рахмат, өздөрү келип, жардам берип жатышат. Быйылкы ишке аша турган ири долбоорлор мына ушулар.

Ушул долбоорлорду ишке ашырып алсак, кийинчерээк дагы элибиздин жыргалчылыгы үчүн жасала турган айрым иштерди бүтүрүп берүүнү сунуш кылабыз. Ал долбоор деле 2 млн сомдон ашык акча каражатты камтыган долбоор болмокчу.



Шаарыбыздагы “Кеминсууканал” ишканасы өздөрүнө тиешелүү ишти ар качан так, таза аткарып турушат. Бирок, ири суммадагы каражат маселеси менен байланышкан тиричиликтерине келгенде кыйналып калышууда. Анткени, аларда дагы каражат маселесинин жетишээрлик камсыздандырылбаганы кендирди кесет.

Айта кетүүчү жагдай, суу түтүкчөлөрүн алмаштыруу боюнча да бир долбоорго киргени жатабыз. Бул иштер Бүткүл Дүйнөлүк Банк тарабынан бериле турган каражаттардын эсебинен жасалмакчы. Скважиналар, түтүктөр 100 пайыз алмаштырылышы керек. Ошонун үстүнөн иштеп жатабыз. Негизи бул долбоорубуз деле даяр. 6 млн евролук долбоор. Эки жылга жакын убакыт болду, ушул иш менен алек болуп жатабыз. Ал ортодо каражатты бөлүштүрүү биздин карапайым жагдайыбызга ылайыкталганча токтоп калдык. Эми жакын арада ушул иш башталып калат деген үмүт бар. Долбоор жаңыча, жакшы жагы беш үйгө бир кудук, эсептегичи менен болот экен. Канча суу коротсоң, ошого жараша төлөйсүң дегендей. Болбосо айрымдар төлөбөй коюп жатышпайбы. Азыр муниципалдык ишканага 3 млн сом абоненттик карыздар бар. Аларды же суусун өчүрүп кое албайт экенбиз. Суусун өчүрсөк, бир кварталдын эли дагы суусуз калып жатат. Ал эми жаңы программанын тартиби – төлөбөсөң өчүрүп салышат экен. Эгерде сууга акы төлөбөсөң, жалгыз эле сенин сууңду өчүрүп коюу үчүн эми мүмкүнчүлүктөр болот. Ошентип бир тартипке келтирип, элди көндүрбөсө болбой калды. Ошондуктан бул долбоор ишке ашып кетсе экен деп турабыз. Акырындап бул ишти өркүндөтүп кетпесек, ансыз дагы таза суунун кадыр-баркын кетирип, кор тутуп, огороддорун, малдарын деле ушул суу менен сугаргандар көбөйдү. Мына электр энергиясын бир күн өчүрүп койсо, 5-6 саатта карызын таап барып төлөшөт. Сууга дагы ушундай тартип киргизүү, мезгилдин зарылчылыгы.

## “Жашыл мурас” жайылтылды

- Президентибиз Садыр Жапаровдун демилгеси менен жарыяланып, кеңири колдоого ээ болгон “Жашыл мурас” улуттук долбоору жана башка жашылдандырууга карата багытталган Жарлыктарын так аткаруу үчүн дагы көп күчүбүздү жумшап жатабыз. Азыркы күндө 1500дөй көчөттү алып келип парктарга, көчөлөргө, скверлерге отургуздук. Бишкек – Торугарт унаа жолун бириктирген Улуу Жибек Жолу көчөсүнө дагы көчөттөрдү отургузуп, көркө бөлөп койдук. Андан башка коомдук жайларга дагы жүздөй көчөт отургузуп, ошону менен көчөттөр үчүн бөлүнгөн каражатыбыз аягына чыкты. Учурдан пайдаланып, ушул долбоорду ишке ашырууга жардам берген кеминдик көптөгөн инсандарга ыраазычылык билдирем. Баардыгы туш-туштан жаш көчөттөрдү көтөрүп келишип, жер жайната отургузуп беришип, чоң колдоолорду көрсөтүштү. Эрнис Садыбакасов деген депутат жигитибиз бар. Ага да учурдан пайдаланып ыраазычылык билдирем. Ал 230 көчөттү жардам катары берди. Чоң Кемин жаратылыш паркы да бизге демөөрчүлүк кылып, бир топ көчөттөрдөн беришти. Эгерде акчага сатып ала турган болсок, мынча көчөт абдан көп сумманы түзмөк да. Демөөрчүлөрүбүз болбосо биз ушунча көчөт эмес, ушунун жарымын да отургузганга күчүбүз жетмек эмес. Быйыл жетишпей калдык, бирок эмки жылы “Ар бир үйдөн, ар бир адамдан бир көчөт” деген программаны ишке киргизип, элди да ойготолу деп жатабыз.





Ишембиликте

Жашылдандыруу иш-чарасынын алкагында шаар ичин, көчөлөрдү кыдырып, элибиздин жасап жаткан иш-аракеттерине ыраазычылыктарды билдирип, жаңы көрсөтмөлөрдү берип жатабыз. Быйыл жаз мезгилинде биздин шаарыбызда 5000ден ашуун жаш көчөттөр шаарыбыздын борборуна, коомдук жайларга жана жеке турак-жайлардын айланаларына отургузулду. Шаарыбызды жашылдандыруу учурунда активдүүлүгүн көрсөткөн кварталдык комитеттердин башчыларына, депутаттарга, активдерге ыраазычылык билдирем. Алар көптөгөн демилгелерин көтөрүп, элибизди шаарыбыз үчүн кызмат кылууга, таза, тартиптүү жашоону үйрөнүүгө үндөп жатышат.

## Сейил бак иретке келтирилүүдө

- Кемин шаарыбызда эртеликеч сейилдеп баса турган, дем алып, сергүндөп отура турган жайларыбыз жокко эсе. Жападан-жалгыз эле “Жеңиш” паркы бар. Андан тышкары көп жылдардан бери кастарлап карап, ирээтке келтирүү үчүн кезегин күтүп жаткан борбордук сейил багыбыз дагы бар. Анын жалпы аянты 3 гектар жерди ээлейт. Долбоор жазып даярдап койгонбуз, бирок ишке киришүү үчүн керектелинчү каражат абдан көп болуп жатат. Каражат жагынан жардам бере турган долбоорлорго, фонддорго сунуш кылсак өтпөй жатат. Бул сейил бакты көрккө келтирүү – биздин күн тартибиндеги алгачкы максатыбыз. Азыр аракеттерибизди күчөтүп, ушул максатыбызды ишке ашыруу үчүн аракеттер көрүлүүдө. Азырынча мурун кыйылып кеткен бактардын дүмүрлөрүн чыгарып, арыктарынын нуктарын оңдоп, таштандыларды тазалап иш баштап жатабыз. Тротуарларды жасап, балдардын оюн аянтчаларын орноштуруп, отургучтарды коюп ирээтке келтирип, шаардыктарга кубаныч тартуулай турган күн алыс эмес. Бул эс алуучу жайыбыз заман талабына ылайыкталып, жогорку көркөмдүктө жасалгаланмакчы.

**Кемин шаарынын мэри Абдувалиев Кайрат мырза менен баарлашып отурганыбызда анын чөнтөк телефону менен шаар аралык байланыш телефону тыным албай чакырып турду. Көптөгөн маселелердин айланасында чечилүүнү талкуулоочу мекемелердин, жеке жактардын жетекчилери экендигин боолголоп отурдук. Кайрат Замирбековичке ийгиликтерди каалап, башталган иштердин аягына чыгаарын айтып коштоштук.**

**Раиса ДҮЙШӨНБЕКОВА**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙЫЛ ЧАРБА МИНИСТРЛИГИ КООМЧУЛУКТУ ӨНҮКТҮРҮҮ ЖАНА ИНВЕСТИЦИЯЛОО АГЕНТТИГИ (АРИС) АГРОБИЗНЕСТИН АТААНДАШТЫККА ЖӨНДӨМДҮҮЛҮК БОРБОРУ (ААЖБ)

## НАТЫЙЖАЛУУ ӨНӨКТӨШТҮККӨ
**катышууга чакыруу**

**Агробизнестин атаандаштыкка жөндөмдүүлүк борбору (ААЖБ) Кошумча нарк чынжырчасын (КНЧ) өнүктүрүү боюнча Натыйжалуу өнөктөштүк түзүүнүн алкагында лидердин ролуна талапкерлерди тандоо сынагына катышууга чакырат.**

Арыздарды кабыл алуунун башталышы: **2023-жылдын 2-июну (саат 10.00дөн баштап).**

**Долбоор жана 2-компонент жөнүндө жалпы маалымат (Натыйжалуу өнөктөштүк)**

Дүйнөлүк банктын "Экономикадагы регионалдык өнүгүү" долбоору (ЭРӨД). Долбоордун өнүктүрүү максаты - Ош облусунун тандалган секторлорунда максаттуу көмөктөшүү жолу менен Алуучуга региондун экономикалык өнүгүүсүнө жардамдашууну көздөйт.

ЭРӨД 2-компонентинин алкагында кошумча нарк чынжырчасын күчтөндүрүү боюнча иш-чаралар каралган, бул долбоордун ичиндеги чакан долбоорлордун максаттык инвестицияларын каржылоо үчүн айыл чарба ишканалары менен чакан айыл чарбалык өндүрүшчүлөрдүн ортосунда өнөктөштүк мамилелерди жакшыртууга шарт түзөт жана анын натыйжасында өндүрүштүн/кайра иштетүүнүн сапаты жакшырат жана көлөмү көбөйөт.

Долбоор сатуу учурундагы суроо-талаптын негизинде кошумча нарк чынжырчасын өнүктүрүү ыкмасын пайдалануу менен натыйжалуу өнөктөштүк мамилелердин өнүгүшүнө өбөлгө түзөт. Натыйжалуу өнөктөштүк кошумча нарктын бир эле чынжырчасында өндүрүшчүлөрдүн бир нече тобун - анын ичинде фермерлерди, жыйноочуларды, кайра иштетүүчүлөрдү, сатуучуларды жана экспортёрлорду камтыйт. Ар бир өнөктөштүк алкактык макулдашуу менен жөнгө салынат жана өндүрүүчүлөрдүн алдыңкы тобу жана сатып алуучу/агрегатор же кайра иштетүүчү ишкана жана башка тийиштүү катышуучулар тарабынан кол коюлат.

ЭРӨДдүн алкагында Ош облусунун мал чарба жана дыйканчылык тармактарындагы бардык кошумча нарк ыраатгарына атаандаштыкка жана экспортко чыгууга шарт түзүүчү тандалган багыттар боюнча анализдин жыйынтыгына жараша колдоо көрсөтүлөт.

**КНУнун артыкчылыктуу багыттары:**

- ✓ Сүт продукциясы (сүт – уйдун сүтү),
- ✓ Эт жана эт продукциясы (бодо мал, майда мал, топоз),
- ✓ Картошка,
- ✓ Алма,
- ✓ Чие,
- ✓ Бал
- ✓ Пахта,
- ✓ Өзгөн күрүчү,
- ✓ Балыкчылык,
- ✓ Май (софлор, пахта май),
- ✓ Жашылчалар (ачык жана жабык кыртышта),
- ✓ Канаттуулар.

**Максаттуу инвестициялоонун негизги багыттары:**

1. Түшүмдүүлүгү далилденген жана башка жакшы сапаттары бар сорттор.
2. Жаңы жабдуулар (технологиялык жабдуу, ошондой эле тракторлор), анын ичинде өндүрүү жана кайра иштетүү, оруп-жыйнагандан кийинки иштетүү, сактоо жана тейлөө, лаборатория (анын ичинде ташуучу жана атайын машиналар жана жабдуулар), упаковка жана сорттоо, сапатын контролдоо, продукциянын сапатын жогорулатуу жана көлөмүн көбөйтүү үчүн техникалык линияларды жабдуу;
3. Колдо болгон (эски) жабдууларды технологиялык жактан жаңыртуу үчүн жабдуулар;
4. Азык-түлүк продуктуларынын менеджмент системасын киргизүү, анын ичинде бардык этаптарын киргизүү (окутуп үйрөтүү, системаларды киргизүү (HACCP, ISO, органикалык өндүрүш, алдыңкы практиканын бардык түрлөрү, башка тийиштүү техникалык жардам ж.б.));
5. Жергиликтүү сертификаттарды жана эл аралык уюмдарда бекитилген эл аралык сертификаттарды алуу;
